УДК 81-145
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2022-2(1)-53-57

**Эсенова Нуска Маматкуловна**
Жалал-Абад мамлекеттик университети, окутуучу
**Эсенова Нуска Маматкуловна**
Джалал-Абадский государственный университет, преподаватель
**Esenova Nuska Mamatkulovna**
Jalal-Abad State University, Lecturer

# ЖАЙ КОНЦЕПТИНДЕГИ СУБСТАНТИВДИК ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИН МИКРОКОНЦЕПТТЕРИ (лингвомаданий көз караштa)
# МИКРОКОНЦЕПТЫ СУБСТАНТИВНЫХ ФРАЗЕОЛОГИЗМОВ В КОНЦЕПТЕ «ЖАЙ» (с лингвокультурологической точки зрения)
# MICROCONCEPTS OF SUBSTANTIVE PHRASEOLOGISMS IN THE CONCEPT OF "ZHAI" (from a linguoculturological point of view)

**Аннотация:** Бул макалада “Жай” концептин сыпаттоочу фразеологизмдерди субстантивдик топко бөлүп каралган. Ошондой эле, тандалган фразеологиялык бирдиктерди семантикасынын негизинде белгилүү микроконцепттерге бөлүштүрүлөн. Макалада 11 субстантивдик маанидеги микроконцепт талданылган. Аларды концептуалдык жактан интерпретациялоо кыргыздын дүйнө көрүмү, улуттук-маданий өзгөчөлүгү ачылган.

**Аннотация:** В данной статье проанализированы фразеологизмы, описывающие концепт «Жай», которые разделены на субстантивные группы. Также, разделены выделенные фразеологизмы на известные микроконцепты, исходя из их семантики. В статье были проанализированы 11 микроконцептов, имеющих субстантивное значение. Их концептуальная интерпретация раскрывает кыргызское мировоззрение и национально-культурную идентичность.

**Annotation:** This article analyzes phraseologies describing the concept of "Zhai," which are divided into substantive groups. Also, the highlighted phraseologies are divided into known microconcept based on their semantics. The article analyzed 11 microconcepts of substantive significance. Their conceptual interpretation reveals the Kyrgyz worldview and national-cultural identity.

**Негизги сөздөр:** жай концепти, субстантивдик фразеологизмдер, микроконцепт, фразеологиялык сүрөт, фразеологиялык бирдиктер, лексема, семантика.

**Ключевые слова:** концепт жай, субстантивные фразеологизмы, микроконцепт, фразеологическая картина, фразеологические единицы, лексема, семантика.

**Key words:** zhai concept, substantive phraseologies, microconcept, phraseological picture, phraseological units, lexeme, semantics.

Дүйнөнүн фразеологиялык сүрөтү – бул тилде мазмундук дагы, формалдык дагы планда өзүнүн спецификалык белгилерине ээ микродүйнө. Аны ар түрдүү деңгээлдеги тилдик каражаттар калыптандырат: лексикалык, грамматикалык жана стилистикалык. Бул улуттук дүйнө көрүмдүн бөтөнчөлүктөрүн берүүчү өзгөчө тилдик бирдиктердин универсалдык, образдык системасы. Кезектеги макалада биз “Жай” концептин сыпаттоочу фразеологизмдерди субстантивдик топко бөлүп, карап чыктык. Тил илиминде фактыларды

изилдөөнүн негизги идеясы катары саналган синтез ыкмасын колдонуп мындагы фразеологиялык бирдиктерди белгилүү топторго бириктирдик. Профессор К. Зулпукаров синтетикалык методология лингвисттерге тилдеги материалдарды системалык түрдө ирилештирип сыпаттоого жана аналитикалык ыкмада байкалбаган жалпы жоболорду жана мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачыктоодо мааниси чоң экендигин белгилейт [1]. Бул үчүн биз тандалган фразеологиялык бирдиктерди (мындан ары ФБларды) семантикасынын негизинде белгилүү микроконцепттерге бөлүштүрдүк. Идиомалардын жалпы саны – 205. Мындагы материалды топтоодо кыргыз тилиндеги сөздүктөрдүн ролу чоң болду. Ж. Осмонова, К. Конкобаев, Ш. Жапаровдун “Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү”, “Кыргыз тилинин сөздүгү” аттуу фундаменталдык эмгектерди базалык булактар катары көрсөтөбүз.

**I. Субстантивдик фразеологизмдердеги микроконцепттер.** Концептти мүнөздөөчү мындагы бирдиктерге заттык маанидеги кичи топторду коштук. Алардын баары *эмне* деген суроого жооп беришет.

**1. Микроконцепт “Мейкиндик”.** Бул белгини туюнткан концепттерди бир нече кичи бөлүктөргө ажыратууга болот. Алар мейкиндиктин кыпыны болгон түрдүү абстракттуу түшүнүктөрдүн жайга карата корреляциясын көрсөтөт**:**

**а) тардык/кенедейлик:** *тердиктин бетиндей; арадай жерге чарадай жыйын кылуу; көчүк айланбаган; бармак басым ...* Мындагы бардык мисалдар кичинекей, тар жайды билдирет.

**б) аралык:** *бута атымдай; ат чабым; тай чабым жер* – болжолдоп алынган элдик өлчөм. Ар кандай аралыктагы жай, белгилүү бир чекитке чейинки аралык мүнөздөлдү.

**в) ичкелик:** *ач билек* – билектин ичке жери. Ушундай эле жол менен **жайгашуу, ээндик, боштук, алыстык, жакындык** түшүнүктөрү да чечмеленди. Мында анализденген ФБлардын жалпы саны – 35.

**2. Микроконцепт “Орун (жай, жер)”.** “Орун (жай)” микроконцептин вербалдаштыруучу ФБларда орун, жай, жердин жагдайга жараша түрдүү маанилери, алар менен ассоциацияланууучу түшүнүктөр чагылдырылат. Мелдеш уюштурулганда байге, сыйлык коюлат. Алар орундар аркылуу бөлүштүрүлөт. *Баш байге* биринчи орунду ээлегендерге берилет [1]. *Акыл-эсиң ордундабы?* деп айтыш үчүн кыргыздар *дениң сообу* фразеологизмин колдонот. Айтымдын формалдык курамында “Жай” концептинин номинанты кезикпейт, бирок ал мазмундук өзөгүндө катышат. *Жаны өз ордуна келүү; каакы ордуна көрбөө* адамдын эмоциясын, башкаларга карата мамилесин билдирген бул жердеги бирдиктерде *орун* сөзү өзүнүн негизги лексикалык маанисинде колдонулбайт. Ал фразеологизмдердин курамын толуктоочу блок катары кызмат кылат. Каза болгон адамды эскерип, ага карата жакшы тилекти, ниетти билгизүү төмөнкү бирдиктерден турат: *Жаткан жери жайлуу болсун! Топурагы торко болсун!* Мында каза болгон адам жаткан жерге, топуракка карата сыпаттоо бар.

*Жер* лексемасы катышкан ФБлар адамдарды, нерселерди мүнөздөөдө активдүү колдонулат. Мисалы, кошоматчы адам - *күн тийген жердин күкүгү (чоросу)*; дайыма бузукулук иш кылган адам – *жүргөн жерине чөп чыкпаган;* эскилиги жетип, тытылып, колдонууга жарабай калган нерсе - *ийне саяр жери жок*. Буларда *жер* сөзү катышканы менен, локативдүүлүк маани жок.

Алмаштыруу процессинде дагы *орун* микроконцепти катышат. Кайсы бир нерсени башка бир нерсе менен алмаштыруу – бул *изин бастыруу*. Бир нерсенин өз жайында,

ойлогондой болуусу *камыр-жумур болуу* ФБсы аркылуу туюнтулат. Мында гастрономиялык түшүнүк орун алган.

Кайсы бир жайдын өзгөчөлүгүнө карата бир нече ФБлар колдонулат.

а) жайга багыт алууну, бардырбоону, жибербөөнү билдирүүдө;
б) жайды анда болгон окуяларга карата;
в) жайды толук өздөштүрүү боюнча;
г) кайсы бир жайдан бир нерсени жолуктура албоону туюнтууда;
д) кайсы бир адамга карата жайды күнөөлөгө карата;
е) адамдардын ынтымактуулугун жай аркылуу көрсөтүүдө төмөнкү ФБлар колдонулат: *көз көрсөтүү; суутуп коюптурбу; тап жылдырбоо; кан күйгөн жер; коёндун (коён) жатагына чейин; колтук ачуу; ордун сыйпалап калуу; отурган (баскан) жерин кетмендөө; өлсө бир чуңкурда, тирүү болсо бир дөбөдө болуу* ж.б.

*Орун* сөзү бир нерсени кое турган жайдан тышкары ээлеп турган кызматты, кызмат абалын дагы туюндурат. Кызмат абалга карата кыргыздар бир нече ФБны колдонот. Жаңы кызмат орунга турганда аны белгилеп, тамак-аш беришет. Бул жөрөлгө *орун (стол) майлоо* деп аталат. Кыйналбай жыргап жата турган, марыта турган жайлуу жер, бекер оокат берилүүчү жай, олжосу, пайдасы көп кызмат образдуу түрдө *үкүнүн (куркулдайдын) уясы, май талкан, май чуңкур* бирдиктери менен сүрөттөлөт. Айрымдарды ээлеген кызматынан бошотуу кыйын, анткени алардын жогору жакта ишенген адамы, колдоочусу бар. Мындай адамдардын *куюшканы бек* болот. Ал эми адамдын кызматынан бошоп, түшүп калгандыгын *ыргып кетүү* айкашы билдирет.

Кыргыздар көчмөн калк болгондуктан, мал багып, малдын артынан жүрүп, тиричилик кылган. Малга өстүрүүгө, жайлуу, ылайыктуу жер алар үчүн маанилүү болгон. Мындай жерди таап алышса, *мал киндиктүү* жер таптык деп айтышкан. *Мал киндиктүү* фразеологизми “Жай” концептинин жер экспонентине карата эпитеттик кызматты аткарат [2].

Жерде адамдар, жаныбарлар, курт-кумурскалар ж.б. ар түрдүү жандыктар жүрөт, жашайт. Жаны бар нерсе, жөн турбайт, кыймылдайт. Алардын кыймыл-аракетин сыпаттоого кыргыздар көңүл бурган. Мисалы, алардын өтө жай кыбыроосун, кыймылдаганын *мыдыр эткен* ФБ түшүндүрөт. Анын *кыбыр эткен* деген варианты дагы бар. Ал *жай* сөзүнүн адвербиалдык маанисин чагылдырат.

Жалпы адамзаттык аң-сезимде Аллах адамдарды топурактан жараткан деген аңыз кеп жашайт. Ал жада калса туруктуу сөз айкаштарына дагы сиңип кеткен. Кылык-жоругу, жүрүм-туруму ж.б. сапаттары боюнча өтө окшош адамдарды *топурагын бир жерден алган* дейбиз. Концепттин экспоненти чыгыш жөндөмөсүндө турат. Бир жакка карай жол жүрүп же жортуулдап баратканда дуушар болгон жер шартынын катаалдыгын *ач бел, куу жон* бирдиги туюнтат. **Жалпы – 30 бирдик.**

**3. Микроконцепт “Орундуулук/орунсуздук, жайлуулук/ жайсыздык”** 13 ФБны кучагына алат. Кыргыздардын дүйнө сүрөтүндө орунсуз сөздөрдү сүйлөгөн адамдар сындалат. Келжиреген, кепти орду менен айтканды билбеген, орунсуз эле бир нерселерди талаша берүүчү адамдарды *оозуна келгенди оттогон; кызыл кекиртек; бекер ооз* дешет [3]. Адамдын орундуу сүйлөө жөндөмүн туюнткан кыргызча фразеологизмдердин курамында соматизмдер катышат: *ооз, кекиртек.* Адам орундуу айтылган сөзгө кээде жеңилет, өз кемчилигин сезет, бул учурда ал *сөзгө жыгылат*.

Ар бир инсандын коомдо орду бар. Бирок кээде адамдар орунсуз иштерди жасап, мамилеси, сөзү туруктуу болбой, адепсиз кылык-жоругунун натыйжасында өз ордун жоготуп коюшат. *Суу куйду; орду жок; дайыны жок* – болбогон, орунсуз, адепсиз. *Дайыны жок сөздү оозго алба* бирдиктери дал ушундай адамдарды сыпаттайт [2]. Келтирилген 3 ФБ тең атрибутивдик мааниде. Ал эми орунсуз иш кылуу процессин *ырысын тебүү* предикаты туюнтат. Орду жок иш кылган, кылык-жоругу орунсуз адамдарды эл жемелейт жана аларга өкүнүү иретинде *жолуң болгур* айкашын колдонот [3].

**4. Микроконцепт "Турак жай".** Турак жай – "Жай" концептинин башкы номинанттарынын бири. Бул түшүнүк өз кучагына адам жашап жаткан, турган үй, туруучу жай, турак алган орун сыяктуу курулушка тиешелүү түшүнүктөрдү камтыйт. Турак жайдын түрлөрүн, анда өкүм сүрүүчү жашоо процесстерин туюнтуу үчүн өзгөчө фразеологиялык бирдиктер жашайт. Алардын арасында кыргыздын лингвомаданиятына, менталитетине байланыштуулар кезигет.

Баш калкалай турган турак жайдын фразеологиялык дүйнөдө өзүнүн аталыштары бар: *баш маанек.* Ал *баш баана* деген вариантта да колдонулуп жүрөт. Бул ФБ үй жайдын жалпы аталышы катары кызмат кылып, көбүнчө оозеки кепте, адабий чыгармаларда учурайт. Бардык эле адамдардын турмушта заңгыраган чоң үй куруууга, кеңири үй-жайга ээлик кылууга мүмкүнчүлүгү болбойт. Кедей-кембагалдын жайлуу эмес үйү, турган орду *тар эшик тар босого* делинет [4].

Турак жайды адам өзүнчө оокат кылуу, үй-жай күтүү үчүн курат. Мында жашоо процесси түтүн менен ассоциацияланат. *Түтүн булатуу* ФБсы турак жайда жашоону чагылдырат. Кыргызда кыз бала башка бирөөнүн бүлөсү делинет. Турмушка чыккан кыз, аял башка бирөөнүн үйгө келип жашап, туруп калууга мажбур болот. Бул учурда алар *босого аттапшат*. Босого – турак жайдын төмөнкү бир бөлүгү, эшиктен үйгө кире бериштеги жер. Анын кыргыздын лингвомаданиятында өзгөчө орду бар. Салтка ылайык, ата-энеге, сыйлуу конокко, эр азаматка босогого отурууга уруксат берилбейт, аларды төргө өткөрүшөт. Бул топко жалпысынан 11 бирдик кирет.

**5. Микроконцепт "Төшөк".** Төшөк – төшөнчү салып ылайыкталган орун, жай. Ал "Жай" концептине түздөн-түз тиешелүү сөз. Ал кыргыздын лингвомаданиятында өзгөчө мааниге ээ. *Төшөк басар, төшөк жаңыртуу, төшөк салар, төшөк талаш* түшүнүктөрү кыргыз каада-салтында чоң роль ойнойт. "Төшөк" микроконцептин 8 бирдик вербалдаштырат. Аларда төшөктүн номинанттары активдүү катышат жана адамдын төшөккө байланыштуу кыймыл-аракети чагылдырылат. Ушундай эле жол менен **"Абал** (12 бирдик)**"**, **"Чоо-жай, жөн-жай (жок жерден)** (5)**"**, **"Каргыш** (5)**"**, **"Мекен** (4)**"**, **"Жай (мезгил)** (2)**"**, **"Убакыт** (2)**" микроконцепттери** талданып чыкты. Иштин көлөмү жол бербегендиктен, алар кыскартылды.

Бул макалада 11 субстантивдик маанидеги **микроконцепт** талданып чыкты. Аларды концептуалдык жактан интерпретациялоо кыргыздын дүйнө көрүмүн, улуттук-маданий өзгөчөлүгүн ачып берүүгө шарт түзөт. Жай концептинин фразеологизмдеринде синтез ыкмасынын негизинде түрдүүчө семантизациялоо мүмкүнчүлүгү бар.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Зулпукаров, К. З. Синтез как метод описания языка (вопросы казусологии, синологии, алтаистики и ностратики) [Текст] / К. З. Зулпукаров, С. М. Амиралиев. – Бишкек: [б.и.], 2021. – 748 с.

2. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст] / түз. Ж. Осмонова, К. Конкобаев, Ш. Жапаров. – Бишкек: КТМУ, 2001. – 519 б.
3. КТС – Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / ред. А. Акматалиев. – Бишкек: AVRASYA JAYINCILIK, 2010. – 1460 б.
4. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст] / түз. Ж. Осмонова. – Фрунзе: Илим, 1980. – 324 б.
5. Осмонова, Ж. Кыргыз фразеологиясынын негиздери [Текст] / Ж. Осмонова. – Бишкек: [б-сыз], 2008. – 177 б.
6. Сартбекова Н.К. //Трудности перевода специальных терминов с английского языка на русский. (статья)// Вестник 3(29) КГУСТА с.222-226. Бишкек 2010.

**References:**

1. Zulpukarov, K. Z. Synthesis as a method of describing language (problems of casuology, sinology, Altaic and Nostratic) [Text] / K. Z. Zulpukarov, S. M. Amiraliev. - Bishkek: [b.i.], 2021. - 748 p.
2. Phraseological dictionary of the Kyrgyz language [Text] / direct. J. Osmonova, K. Konkobaev, Sh. Japarov. - Bishkek: KTMU, 2001. - 519 p.
3. KTS - Dictionary of the Kyrgyz language [Text] / ed. A. Akmataliev. - Bishkek: AVRASYA JAYINCILIK, 2010. - 1460 p.
4. Phraseological dictionary of the Kyrgyz language [Text] / direct. J. Osmonova. - Frunze: Ilim, 1980. - 324 p.
5. Osmonova, J. Basics of Kyrgyz phraseology [Text] / J. Osmonova. - Bishkek: [without p.], 2008. - 177 p.
6. Sartbekova N.K. //Difficulties in translating special terms from English to Russian. (article)// Vestnik 3(29) KGUSTA p. 222-226. Bishkek 2010.

УДК 81-145
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2022-2(1)-57-62

**Эсенова Нуска Маматкуловна**
Жалал-Абад мамлекеттик университети, окутуучу
**Эсенова Нуска Маматкуловна**
Джалал-Абадский государственный университет, преподаватель
**Esenova Nuska Mamatkulovna**
Jalal-Abad State University, Lecturer

## “КӨЧМӨНДӨР КАГЫЛЫШЫ” РОМАНЫНЫН НЕГИЗИНДЕ АНЫКТАЛГАН “ЖАЙ” КОНЦЕПТИНИН КОГНИТИВДИК БЕЛГИЛЕРИ
## КОГНИТИВНЫЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ КОНЦЕПТА “ЖАЙ”, ОПРЕДЕЛЁННЫЕ НА МАТЕРИАЛЕ РОМАНА “ВРАЖДА КОЧЕВНИКОВ”
## COGNITIVE CHARACTERISTICS OF THE CONCEPT “ZHAI” DEFINED ON THE BASIS OF THE NOVEL “NOMADIC CONFLICT”

**Аннотация:** макалада К. Осмоналиевдин “Көчмөндөр кагылышы” романынын биринчи китебинен алынган мисалдардын негизинде концепттин антропоморфтук белгилери